6.12.2018

Майлуу-Суу шаары

**Кыргызстандын аймактарындагы аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн жана потенциалын жогорулатууга, аялдардын лидерлигин өнүктүрүүгө багытталган "Аялдардын ийгиликтери үчүн тең укуктар жана мүмкүнчүлүктөр" тренингинин катышуучуларынын резолюциясы**

Биз, активдүү ишкер аялдар, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу өкүлдөрү үчүн өткөрүлгөн "Аялдардын ийгиликтери үчүн тең укуктар жана мүмкүнчүлүктөр" тренингинин катышуучулары

Адам укуктары боюнча БУУнун Жалпы Декларациясында көрсөтүлгөн адам укуктарынын жана эркиндиктеринин жалпы адамзаттык баалуулуктарынын жолун улантуу менен гендердик теңдештикке жетишүү боюнча 2020-жылга чейинки Кыргыз Республикасынын Улуттук стратегиясынын максаттарына жана милдеттерин ***ырастоо менен***;

гендердик теңдештикке жетишүү жаатында улуттук жана эл аралык мыйзамдарды жүзөгө ашырууда жергиликтүү коомчулуктан чыккан аял лидерлердин салымын жана ролун ***таануу менен,*** алардын андан ары лидерлик жана экономикалык потенциалды илгерилетүү боюнча демилгелерге катышууларын кубаттап;

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш.Жээнбековдун 2018-жылды Кыргызстандын аймактарын өнүктүрүү деп жарыялаган Жарлыгын[1] ***колдоо менен***;

Жогорку Кеңештин депутаттарынын Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү" мыйзамына жергиликтүү кеңештерге аялдар үчүн 30 пайыздык квота киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" мыйзам долбоорун кабыл алуу жөнүндөгү чечимин[2] ***колдоо менен***

**<u>кийинкидей позициялар боюнча</u> макулдашууларга келип, ушул резолюцияны кабыл алдык:**

- Аймактарда жашаган аялдардын маселелерин жана чакырыктарын аныктоо үчүн горизанталдык аянтча – жагымдуу мейкиндик түзүү, ошондой эле, жаңы ыкмаларды издөө үчүн идеялар, тажрыйбалар менен натыйжалуу алмашуу, аялдарды укуктарга, аялдардын лидерлигине жана жергиликтүү, аймактык жана улуттук деңгээлдерде саясий, экономикалык катышууга окутууда инновациялардын, алардын ишкердик потенциалын өнүктүрүүнүн зарылдыгы;

- Чечимдерди кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде аялдардын саясий катышуусун илгерилетүү, лидерликти өнүктүрүү жана адам укуктарын коргоого багытталган иш-чараларды, форумдарды, улуттук диалог аянтчаларын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жаңы форматтагы аракеттер үчүн жергиликтүү жарандык демилгелерди колдоо максатында бүтүндөй өлкө боюнча аял-лидерлердин, ишкерлердин ролун белгилөө менен;

---

[1] http://kabar.kg/news/ukaz-prezidenta-kr-ob-ob-iavlenii-2018-go-goda-godom-razvitiia-regionov/

[2] http://kenesh.kg/ru/article/show/4333/na-obshtestvennoe-obsuzhdenie-s-10-oktyabrya-2018-goda-vinositsya-proekt-zakona-kirgizskoy-respubliki-o-vnesenii-izmeneniy-v-zakon-kirgizskoy-respubliki-o-viborah-deputatov-mestnih-keneshey

- Жумушчу орундарды түзүүгө жана аймактарды экономикалык өнүктүрүүгө багытталган долбоорлорду насыялоо боюнча фонддордун жана финансылык институттардын иштерин активдештирүү, инвестицияларды тартуу, аймактарда кичи жана чакан ишкерликти колдоо маселелеринде КРнын Президенти С.Ш.Жээнбековдун 2018-жылды Кыргызстандын аймактарын өнүктүрүү жылы катары жарыялагандыгы жөнүндөгү Жарлыгын аткарууга көмөктөшүү үчүн[3];

- Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү” мыйзамына жергиликтүү кеңештерге аялдар үчүн 30 пайыздык квота киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоорунун кабыл алынышына;

- Эл аралык стандарттардын негизинде жаңы улуттук антикоррупциялык план аркылуу адам укуктарын жана эркиндиктерин алдыга жылдыруу үчүн мыйзамдарга өзгөртүүлөдү киргизүүнүн актуалдуулугу[4], аялдардын саясатка жеткиликтүүлүгү чөйрөсүндө шайлоолор жөнүндөгү мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү, квоталар санкциялар менен бекемделиши керек[5];

- Чечимдерди кабыл алуу процессинде гендердик ыкмаларды киргизүү жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын айкындуулугун жана отчёттуулугун жогорулатууга окутуу, улуттук жана аймактык, анын ичинде ЖӨБ деңгээлдеринде гендердик теңдештикке жетишүү боюнча Улуттук планды жүзөгө ашыруу жана алдыга жылдыруу.

Катышуучулар чечимдерди кабыл алган өзөктүү институттарга, жалпыга маалымдоо каражаттарына, жарандык коомчулукка Кыргызстандын аймактарында чакан бизнести өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүн жана лидерлик потенциалды күчөтүүгө багытталган “Аялдардын ийгиликтери үчүн тең укуктар жана мүмкүнчүлүктөр” тренингинин катышуучуларынын демилгелерин колдоого чакырат.

Иш-чарага жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү, активист кыздар жана аялдар, ишкер аялдар катышышты.

**“Аялдардын ийгиликтери үчүн тең укуктар жана мүмкүнчүлүктөр” тренингинин катышуучулары тарабынан кабыл алынды.**

**Кыргызстан, Майлуу-Суу шаары**

**Бардык суроолор боюнча кийинки даректер боюнча кайрылыңыздар:**

birduinokyrgyzstan@gmail.com, +996 312 383 330, www.birduino.kg

[4] БУУнун жашоонун сапаты боюнча отчетунун индекси https://www.transparency.org/news/feature/corruption_perceptions_index_2017

[5] Швециянын тажрыйбасы https://birdinflight.com/ru/infografica/zhenskaya-dolya-kak-raspredeleny-mesta-v-parlamentah-mira.html

- Жумушчу орундарды түзүүгө жана аймактарды экономикалык өнүктүрүүгө багытталган долбоорлорду насыялоо боюнча фонддордун жана финансылык институттардын иштерин активдештирүү, инвестицияларды тартуу, аймактарда кичи жана чакан ишкерликти колдоо маселелеринде КРнын Президенти С.Ш.Жээнбековдун 2018-жылды Кыргызстандын аймактарын өнүктүрүү жылы катары жарыялагандыгы жөнүндөгү Жарлыгын аткарууга көмөктөшүү үчүн[3];

- Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү" мыйзамына жергиликтүү кеңештерге аялдар үчүн 30 пайыздык квота киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" мыйзам долбоорунун кабыл алынышына;

- Эл аралык стандарттардын негизинде жаңы улуттук антикоррупциялык план аркылуу адам укуктарын жана эркиндиктерин алдыга жылдыруу үчүн мыйзамдарга өзгөртүүлөдү киргизүүнүн актуалдуулугу[4], аялдардын саясатка жеткиликтүүлүгү чөйрөсүндө шайлоолор жөнүндөгү мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү, квоталар санкциялар менен бекемделиши керек[5];

- Чечимдерди кабыл алуу процессинде гендердик ыкмаларды киргизүү жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын айкындуулугун жана отчёттуулугун жогорулатууга окутуу, улуттук жана аймактык, анын ичинде ЖӨБ деңгээлдеринде гендердик теңдештикке жетишүү боюнча Улуттук планды жүзөгө ашыруу жана алдыга жылдыруу.

Катышуучулар чечимдерди кабыл алган өзөктүү институттарга, жалпыга маалымдоо каражаттарына, жарандык коомчулукка Кыргызстандын аймактарында чакан бизнести өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүн жана лидерлик потенциалды күчөтүүгө багытталган "Аялдардын ийгиликтери үчүн тең укуктар жана мүмкүнчүлүктөр" тренингинин катышуучуларынын демилгелерин колдоого чакырат.

Иш-чарага жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү, активист кыздар жана аялдар, ишкер аялдар катышышты.

**"Аялдардын ийгиликтери үчүн тең укуктар жана мүмкүнчүлүктөр" тренингинин катышуучулары тарабынан кабыл алынды.**

**Кыргызстан, Майлуу-Суу шаары**

**Бардык суроолор боюнча кийинки даректер боюнча кайрылыңыздар:**

birduinokyrgyzstan@gmail.com, +996 312 383 330, www.birduino.kg

Камаев Нурсултан.
Торогелдиева Жамиля
Тышкебаева Довокан
Уланова М.К.
Ажиматов Т.И.
Ажекова Дау
Бекеш-Бекбаева
Тыйкунова Роза
Камышова А.С.
Мамунова Т.А.
Айдарова С.И.
Нурматова Х.Ш.
Кебекбаева Б.
Таждаева Ж.К.
Жийдебаева Г.Х.
Болдоров М.
Базаркулов М.И.

[4] БУУнун жашоонун сапаты боюнча отчетунун индекси https://www.transparency.org/news/feature/corruption_perceptions_index_2017

[5] Швециянын тажрыйбасы https://birdinflight.com/ru/infografica/zhenskaya-dolya-kak-raspredeleny-mesta-v-parlamentah-mira.html